КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

25

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН БЮЛЛЕТЕНИ

## Ош мамлекеттик университетинде мамлекеттик аттестацияны уюштуруу жөнүндө

## Ж О Б О

Ош – 2013

Ош мамлекеттик университетинин бюллетени. № 26. Ош МУнун бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндө Жобо. – Ош:
Ош МУ. Билим, 2013. – 18 б.

ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин 2013-жылдын 3-апрелиндеги №6-протоколунун негизинде кабыл алынган.

## М А З М У Н У


| | | |
|---|---|---|
| I. | Ош мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндө Жобо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . | 3 |
| 1. | Негизги жоболор . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . | 3 |
| 2. | Жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолордун түрлөрү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . | 3 |
| 3. | Мамлекеттик аттестациялык комиссиялар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . | 4 |
| 4. | Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү тартиби . . . . . . . . . . . . . . | 5 |
| II. | Кыргызстан тарыхы боюнча мамлекеттик экзаменди уюштуруунун Жобосу | 8 |
| III. | Тиркемелер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . | 13 |


© Ош мамлекеттик университети, 2013

**Ош мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндө**

# Ж О Б О

Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-ж.29-майындагы №346-токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндө Жобонун" негизинде иштелип чыкты.

## 1. Негизги жоболор

1. Кесиптик жогорку билимдин билим берүү программаларын өздөштүрүү бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы менен аяктайт.

2. Ош мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндө Жобо (мындан ары - Жобо) кесиптик жогорку билим алуунун бардык формаларында окуп жаткан бүтүрүүчүлөргө тиешелүү.

3. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын максаты болуп Ош мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик милдеттерди аткарууга карата даярдыгынын деңгээлин жана алардын даярдыгынын жогорку кесиптик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартына дал келүүсүн аныктоо саналат.

4. Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы ОшМУ мамлекеттик аккредитацияга (аттестацияга) ээ болгон жогорку кесиптик билим берүүнүн бардык негизги билим берүү программалары боюнча өткөрүлөт.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын курамына кирген жыйынтыктоочу аттестациялык сыноого багыттын (адистиктин) жогорку кесиптик билим боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык ОшМУда иштелип чыккан негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүнү толук көлөмдө ийгиликтүү аяктаган бүтүрүүчүлөр киргизилет.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын курамына кирген жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолордун аныкталган бардык түрлөрүнөн ийгиликтүү өткөн учурда бүтүрүүчүгө тиешелүү кесиптик квалификациялык же академиялык даража ыйгарылат жана кесиптик жогорку билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплом берилет.

5. Мамлекеттик аккредитациясы (аттестациясы) болбогон жогорку окуу жайларында окугандар, же аларды ийгиликтүү аяктагандар, ОшМУ мамлекеттик аккредитацияга (аттестацияга) ээ болгон билим берүү программалары боюнча учурдагы жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан ОшМУда өтүүгө укуктуу.

## 2. Жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолордун түрлөрү

6. ОшМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолорунун түрлөрүнө төмөндөгүлөр кирет:

- бүтүрүү квалификациялык ишин коргоо;
- мамлекеттик сынак.

Жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолордун милдеттүү түрдөгү тизмеги кесиптик жогорку билим боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты тарабынан аныкталат.

7. Бүтүрүү квалификациялык иштери кесиптик жогорку билим берүүнүн аныкталган баскычтарына дал келүүчү формаларда аткарылат:

- бакалавр академиялык даражасы үчүн – бакалаврдын бүтүрүү иши формасында;
- адистин квалификациясы үчүн – дипломдук иш (долбоор) формасында;
- магистр академиялык даражасы үчүн – магистрлик диссертация формасында.

8. Бүтүрүү квалификациялык иштеринин темалары кафедра башчылары (декандар) тарабынан аныкталат жана ректордун буйругу менен бекитилет. Студентке бүтүрүү квалификациялык ишинин темасын тандоо укугу берилет, студент өз темасын да сунушташы мүмкүн, андай учурда бул теманы иштеп чыгуунун максатка ылайыктуулугунун зарыл негиздемесин бериши керек. Бүтүрүү квалификациялык ишин даярдоо үчүн студентке жетекчи дайындалат.

Бакалаврлардын бүтүрүү иштери аткарылган курстук иштерди же долбоорлорду жалпылоого негизделиши жана теориялык окутууну аяктоо мезгилинде коргоого даярдалышы мүмкүн.

Адистерди жана магистрлерди даярдоо боюнча негизги билим берүү программаларын аяктаганда аткарылуучу бүтүрүү квалификациялык иштери рецензиялануага тийиш. Факультеттин деканы бүтүрүүчү кафедра башчысынын сунушу боюнча рецензентти дайындайт.

9. Бүтүрүү квалификациялык ишин аткаруу шарттары жана мөөнөттөрү факультеттердин декандары тарабынан ушул Жобонун, кесиптик жогорку билим берүү боюнча тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана окуу-методикалык бирикмелердин сунуштарынын негизинде аныкталат.

10. Мамлекеттик сынактардын программалары (айрым дисциплиналар боюнча), багыттар (адистиктер) боюнча жыйынтыктоочу дисциплиналар аралык сынак жана бүтүрүү аттестациялык сыноолорунда баалоо критерийлери окуу-методикалык бирикмелердин сунуштарын эске алуу менен ректор тарабынан бекитилет.

## 3. Мамлекеттик аттестациялык комиссиялар

11. Мамлекеттик аттестациялык комиссиялар өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарын, ушул Жобону, кесиптик жогорку билим берүү боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарын, ОшМУда иштелип чыккан окуу-методикалык документацияны жана окуу-методикалык бирикмелердин сунуштарын жетекчиликке алышат.

Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын негизги функциялары төмөнкүлөр:

- бүтүрүүчүнүн даярдыгынын жогорку кесиптик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартына дал келүүсүн жана анын даярдыгынын деңгээлин аныктоо;
- жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын натыйжалары боюнча бүтүрүүчүгө кесиптик квалификациялык же академиялык даража ыйгаруу жана ага жогорку кесиптик билим тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү тиешелүү диплом берүү жөнүндө чечимди кабыл алуу;
- мамлекеттик аттестациялык комиссиянын жүргүзгөн ишинин негизинде бүтүрүүчүлөрдү даярдоону өркүндөтүүгө багытталган сунуштарды иштеп чыгуу;
- мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы боюнча тиешелүү түзүмдүк бөлүмдүн МАга карата даярдыгын, аны уюштурушун, бүтүрүүчүлөрдүн билим сапатынын анализин камтыган кеңири эсеп-кысап (4,6-тиркемелер) даярдоо.

12. Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү үчүн ректор (проректор) тарабынан ар бир багыт жана адистик боюнча мамлекеттик аттестациялык комиссиянын курамын Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинде бекитүүгө сунуш берилет.

Ректордун сунушу боюнча жогорку кесиптик билимдин бир эле негизги билим берүү программасы боюнча бир нече мамлекеттик аттестациялык комиссия бекитилиши мүмкүн.

Мамлекеттик аттестациялык комиссиялар бир календардык жыл ичинде иштешет.

13. Мамлекеттик аттестациялык комиссия жогорку окуу жайдын профессордук-окутуучулук курамынан жана илимий кызматкерлеринен, ошондой эле сырткы уюмдардан чакырылуучу тараптардан – ушул профилдеги кадрларды керектөөчү мекемелердин, ишканалардын жана уюмдардын адистеринен, башка окуу жайлардын алдыңкы окутуучуларынан жана илимий кызматкерлеринен түзүлөт. Аттестациялык комиссиянын курамын түзүүдө КР ББжМнин тиешелүү буйруктары жана сунуштамалары эсепке алынат.

14. Мамлекеттик аттестациялык комиссияны төрага (төрайым) жетектейт, ал комиссиянын ишмердүүлүгүн көзмөлдөйт, бүтүрүүчүлөргө коюлуучу талаптардын бирдейлигин камсыз кылат.

15. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын төрагасы (төрайымы) ОшМУда иштебеген, тиешелүү профилдеги илимдин доктору, профессор, эгерде мындай адисболбосо – илимдин кандидаты же ошол профилдеги кадрларды керектөөчү ишкана, уюм, мекемелердин тажрыйбалуу адиси болууга тийиш.

## 4. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү тартиби

15. Мамлекеттик аттестациялык сыноолорду өткөрүүнүн тартиби жана мөөнөттөрү ушул Жобонун негизинде факультеттердин декандары тарабынан иштелип чыгып, ректор (проректор) тарабынан бекитилет жана билим берүүнүн бардык формаларындагы студенттерге жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация башталардан жарым жыл мурда маалымдалат. Студенттер мамлекеттик сынактардын программалары менен камсыз болушат, алар үчүн даярданууга зарыл болгон шарттар түзүлүп, консультациялар өткөрүлөт.

16. Бүтүрүү квалификациялык ишин коргоо (жабык тематикадагы иштерден сырткары) мамлекеттик аттестациялык комиссиянын ачык жыйынында анын курамынын жок дегенде үчтөн экисинин катышуусу менен өткөрүлөт. Мамлекеттик сынактарды кабыл алуу жол-жобосу жогорку окуу жайы тарабынан аныкталат. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын жыйынынын узактыгы күнүнө 6 сааттан ашпоого тийиш.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизилген аттестациялык сыноолордун бардык түрлөрүнүн жыйынтыгы “эң жакшы”, “жакшы”, “канааттандырарлык”, “канааттандырарлык эмес” деген баалар менен аныкталат да, ошол эле күнү комиссиянын жыйынынын протоколдору (1-тиркеме) тиешелүү тартипте толтурулуп, студенттердин алган баалары AVN ИСнан басылып чыгарылган аттестациялык ведомостко (5Б-тиркеме) коюлган соң жарыя кылынат.

Бүтүрүү квалификациялык ишти коргоого багыттын (адистиктин) жогорку

кесиптик билим боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык ОшМУда иштелип чыккан негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүнү толук көлөмдө ийгиликтүү аяктаган жана жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолордун башка түрлөрүнөн ийгиликтүү өткөн бүтүрүүчүлөр киргизилет. Квалификациялык иштин корголушу жогорудагыдай эле бааланат жана ар бир студент үчүн атайын протокол толтурулуп (2-тиркеме), баалар AVN ИСнан басылып чыгарылган аттестациялык ведомостко коюлат (5В-тиркеме)

Ал эми окуу планына ылайык адистин квалификациясын алуу үчүн дипломдук иш аткарган бүтүрүүчүлөр үчүн да 2-тиркемеде берилген протокол толутурулуп, алган баасы тиешелүү дисциплина боюнча аттестациялык ведомостко коюлат да, “Экзамендик билеттин номери” графасына “дипломдук иш” деп жазылат.

17. Бүтүрүүчүгө бакалаврды же магистрди даярдоо багыты боюнча академиялык даражаны жана адисти даярдоодо адистик (багыт) боюнча квалификацияны ыйгаруу жана ага кесиптик жогорку билим тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү диплом берүү жөнүндө чечимди жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын протоколдорго (3-тиркеме) жазылган оң натыйжаларынын негизинде мамлекеттик аттестациялык комиссия кабыл алат.

Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын чечимдери жабык жыйында, ага катышкан комиссия мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен, комиссия төрагасынын (төрайымынын) же анын орун басарынын сөзсүз катышуусунда кабыл алынат. Добуштардын саны бирдей болуп калган учурда комиссиянын төрагасы (төрайымы) (же анын ордундагы орун басары) чечүүчү добуш укугуна ээ болот. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын бардык чечимдери проткolдоштурулат (3-тиркеме).

Ар бир мамлекеттик сынак тапшырылган соң, анын жыйынтык баалары AVN ИСна деканат тарабынан кийирилет.

18. Артыкчылыгы менен диплом анын тиркемесине киргизилген дисциплиналардын 75%ынан кем эмесин “эң жакшы” деген баага, бул тиркемеге киргизилген калган дисциплиналарды “жакшы” деген баага тапшырып, жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны “эң жакшы” деген бааларга тапшырган бүтүрүүчүгө берилет.

Жогорку билимдин эки деңгээлдүү системасы боюнча окуган бүтүрүүчүгө кесиптик жогорку билим программасын толук аткарган шартта, тиешелүү базалык билимин (бакалавр) эсепке алуу менен жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны бардык деңгээлдерде “эң жакшы“ деген бааларга тапшырган болсо артыкчылыгы менен диплом берилет.

19. Негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнү аяктаган жана бир же бир нече жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолордо кесиптик жогорку билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын талаптарына жооп бере албай тургандыгын тастыктаган бүтүрүүчүлөргө, ОшМУга кайрадан тикеленген учурда экинчи жолку жыйынтыктоочу мамлекеттик сыноолор ОшМУнун ректору тарабынан аныкталган тартипте белгиленет. Эгерде экинчи жолку аттестациялык сыноо бүтүрүү квалификациялык ишин коргоо болсо, анда студентке жаңы тема жана тапшырмалар берилет.

20. Экинчи жолку жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолор кийинки окуу жылдарындагы бүтүрүүчүлөр үчүн мамлекеттик аттестация уюштурулганда жана беш жылдан кеч эмес мөөнөттө белгиленет.

Экинчи жолку жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолор (кайра тапшыруу) Ош

мамлекеттик университети тарабынан эки жолудан ашык белгиленбейт.

21. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялык сыноолорду жүйөөлүү себептерден (документ менен тастыкталган медициналык көрсөткүчтөрү, үй-бүлөлүк шарты) улам тапшырбай калган тараптарга окуу жайынан чыгарылбастан жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолорду тапшырууга мүмкүнчүлүк берүү ректор тарабынан чечилет.

Мамлекеттик аттестациялык комиссиялардын кошумча жыйындары ОшМУда аныкталган тартипте уюштурулат.

22. Мамлекеттик аттестациялык комиссиялардын ушул Жободогу 4,6-тиркемеге ылайык түзүлгөн эсеп-кысабы бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы аяктагандан кийин бир жумалык мөөнөт ичинде факультеттердин Окумуштуулар Кеңешинде угулат жана адистерди кесиптик жактан даярдоо сапатын өркүндөтүү жөнүндөгү сунуштар менен кошо окуу-информациялык департаментке (ОИД) тапшырылат. ОИД мамлекеттик аттестациялык комиссиялардын эсеп-кысабын жалпылап, сунуштар менен кошо бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы аяктагандан кийин эки айлык мөөнөт ичинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине тапшырат.

Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын протоколдору ОшМУнун архивинде сакталат.

**“Кыргызстан тарыхы” дисциплинасы боюнча мамлекеттик экзаменди уюштуруунун ЭРЕЖЕЛЕРИ**

**Жалпы эрежелер**

Бул жобо “Кыргызстандын тарыхы” дисциплинасы боюнча Ош МУда мамлекеттик экзаменде студенттердин билимин көз карандысыз жана обьективдүү текшерүү максатында түзүлдү. Бул регламент бланкалык же компьютердик тестирлөөнүн жардамында студенттердин билимин баалоодогу методдорду жана инструменттерди аныктап, аны уюштурууга даярдыктын тартибин, уюштуруу жана өткөрүү, жыйынтыгын чыгаруу, талдоо, уюштурууга катышкандардын кызматтык милдеттерин жана жоопкерчилигин аныктайт.

Жобо мамлекеттик аттестация жөнүндөгү төмөнкү нормативдик документтердеги эрежелерди сактоо менен ишке ашырылат:

1. КРнын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамы;
2. “Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларда мамлекеттик аттестациялоо жөнүндөгү жобо” (КРнын өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы №346токтому);
3. “Кыргызстандын тарыхы” дисциплинасы боюнча Мамлекеттик экзамендин программасы.

Мамлекеттик экзаменди уюштурууга жана өткөрүүгө кызматтык милдеттерине ылайык структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилери (факультеттердин декандары, институт, колледждердин директорлору, кафедра башчылары), жооптуу катары экзамендин жобого ылайык уюштурулушуна жооп берет. Тартип бузуулар аныкталган учурда тиешелүү кызматкерлердин КРнын эмгек Кодексине ылайык жоопкерчилиги каралат.

МАны жалпы уюштуруу жана көзөмөлдөө ОИДке жүктөлүп, тиешелүү проректорлор тарабынан координацияланат.

**Жалпы методикалык талаптар**

1. Ош мамлекеттик университетинде “Кыргызстандын тарыхы” дисциплинасы боюнча Мамлекеттик экзамен компьютердик - бланкалык тестирлөө менен уюштурулат.
2. Тесттик база “Кыргызстандын тарыхы” кафедрасы тарабынан Мамлекеттик стандартка жана “Кыргызстандын тарыхы” дисциплинасы боюнча Мамлекеттик экзамендин программасына ылайык иштелип чыгат.
3. Сапаттуу тесттик базаны түзүү максатында тесттик базаны экспертизалоо сырткы серепчилердин көзөмөлүнөн өткөрүлөт.
4. Техникалык тейлөө жана программалык камсыздоо ОИД тарабынан жүргүзүлөт.

**Структуралык бөлүмдөрдүн иш аракеттери**

- **факультеттердин деканаттары, институттардын дирекциялары:**

1. Бланкалык тестирлөөнү (БТ) баштоого бир жума калганда ОИДке тиешелүү материалдарды тапшырат **(студенттерди МАга киргизүү жөнүндө буйруктары, зачеттук китепчелер, буйруктун AVN ИСна дал келгендиги ж.б.);**
2. БТнү баштоого бир жума калгандан баштап обзордук лекцияларды уюштуруп, студенттерге тишелүү маалыматтарды жеткирүүгө милдеттүү;
3. БТнү уюштуруу тартиби боюнча чогулуштарды өткөрүп, студенттерге түшүндүрүү иштерин жүргүзөт;
4. Тестирлөө күнү (жадыбалга ылайык) МАга кирүүчү студенттердин толук жана убагында келүүсүн камсыздайт;
5. Тиешелүү факультеттин жетекчилери (колледж, институт) МАнын жүрүшүн көзөмөлдөөгө милдеттүү.
6. Канааттандырарлык эмес баа алган студенттерди окуудан четтетилүүсүнө рапорт даярдайт.

- **"Кыргызстан тарыхы" кафедрасынын башчысы:**

1. Мамлекеттик экзамен башталгандан бир ай мурун тесттик материалдардын электрондук базасы түзүлүп, кафедранын кеңешмесинде талкууланып, факультеттин методикалык кеңеши өндүрүшкө сунуштагандан кийин AVNдин администраторлоруна, ОИДке тапшырылышын камсыздайт;
2. Мамлекеттик экзамен башталгандан үч ай мурун комиссиянын курамы боюнча ОИДке сунуш берет;
3. БТнү уюштуруу жана өткөрүүнүн эрежелери боюнча маалыматты МАлык комиссиянын ар бир мүчөсүнө жеткирүүгө милдеттүү;
4. Белгиленген мөөнөттө МАлык комиссиянын төрагаларынын отчетторун тапшыруусун камсыздайт.

- **ОИДдин методисттери:**

1. МАны өткөрүү боюнча тиешелүү жетекчилер менен биргеликте жадыбал түзөт (факультеттердеги адистиктердин ар бир тайпалары боюнча студенттердин санына жараша аудиторияларга бөлүштүрүү);
2. МАны уюштуруу укуктук-нормативдик документтердин негизинде жүрүшүн көзөмөлдөйт;
3. Факультеттин методисти, техникалык катчы менен бирге МАга кирүүгө буйрук (кошумча буйрук) чыккан студенттердин AVNдеги тизмесин тактап AVNдин администраторлоруна тапшырат;
4. Комиссия мүчөлөрү тарабынан өздүгүн тактаган (зачеттук китепче, паспорт, аскердик билет же айдоочунун күбөлүгү) документинин негизинде студентти МАга киргизүүсүн көзөмөлдөйт;
5. Техникалык катчылардын МАнын жыйынтыгы боюнча документтерди (протоколдорду, ведомостторду, зачеттук китепчелерди ж.б.) убагында бүтүрүп, ОИДке тапшыруусун камсыздайт;
6. Аткарылган иш чаралар боюнча ОИДдин директоруна билдирүү берүүгө милдеттүү;
7. МАга тиешелүү иш кагаздарды жыйынтыктап, архивге тапшырууга катышат жана ишке ашырат.

- **AVNдин администраторлору:**

1. Тесттик материалдардын базасын түзүү жана коргоо процедураларындагы конфиденциалдуулуктарды сактоого милдеттүү;
2. МА башталганга бир жума калганда тесттердин даярдыгы, тестирлөөнү автоматташтыруучу программанын иштөөсү боюнча маалыматты ректоратка тапшырат;
3. БТнү баштоого бир күн калганда МАга кирүүчү бардык студенттерге МАнын катчысы, деканаттын өкүлү менен биргеликте тесттик бланкаларды жана тесттик тапшырмаларды чыгарып даяр кылып, атайын папкага салып печаттап, тиешелүү проректорго бекиттирип, ОИДдин директоруна тапшырууга милдеттүү;
4. Тапшырылган иштерди оперативдүү түрдө компьютердик иргөөнүн жардамында тестирлөөнүн жыйынтыгын чыгарат;
5. БТлөө процедурасы бүткөндөн кийин 3-6 сааттын ичинде БТнүн жыйынтыгын AVNдин порталына жайгаштырат;
6. Комиссия мүчөлөрүнө Web-апелляцияга кирип көрүүгө мүмкүнчүлүк түзүп берет.

- **Информациялык техникалык камсыздоо бөлүмү:**

1. МА уюштуруу учурунда компьютерлердин жана программалык камсыздоонун үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыздайт.

- **апелляциялык комиссия:**

1. Бекитилген жадыбалга ылайык апелляция иштерин уюштурат;
2. Аппеляцияны баштоого чейин студенттин арызы менен таанышат;
3. Студенттин ишин экспертизадан өткөрөт;
4. Студенттин арызы боюнча комиссиянын чечимин протоколдоштурат;
5. Аппеляциялык ведомостту толтуруп, жыйынтыгын чыгарып, анализ кылып жалпылоо үчүн комиссиянын төрагасына жана ОИДке ошол эле күнү өткөрүп берет.

- **МАлык комиссиянын мүчөлөрү:**

1. Экзамен болуп жаткан аудиторияда сөзсүз болуп, БТнүн жүрүшүн көзөмөлдөөгө милдеттүү;
2. Студенттин өздүгүн аныктоого жана БТнүн эрежесин бузган студентти тест тапшыруу укугунан ажыратууга укуктуу (дисциплинардык тартип бузуу аныкталган учурда ОИД тарабынан алдын ала берилген формага ылайык протокол түзүп, бланкаларды кошуп ОИДке тапшырат);
3. БТнүн алдында студенттерге барактарды кантип толтурууну түшүндүрөт;
4. Тесттик бланкаларды жана тапшырмаларды таркатат (ашыкчасын өзүнчө конвертке салат);
5. БТнүн аягында иштерди чогултуп ОИДке тапшырганга чейин тесттик тапшырмалардын санын эсептеп, атайын журналга каттап, ашыкча бланкаларды жок кылып, алардын санын да каттайт;
6. Тесттик тапшырмалар комиссиянын төрагасынын жана мүчөлөрүнүн колдору коюлуп МАнын катчысына компьютердик текшерүү үчүн берилет. AVNдин администраторлору компьютердик текшерүүнү жүргүзөт.
7. БТнүн жыйынтыгы атайын журналга тиркелет.

8. Конфликттик абалдарды чечүү МАлык комиссиянын мүчөлөрүнүн сөзсүз катышуусу менен жүргүзүлөт.

9. МАнын жыйынтыгы боюнча студенттердин алган баалары тестирлөө борборунан аттестациялык ведомостко басылып чыгарылган соң (5-тиркеме), ага МАК төрагасы жана мүчөлөрү кол коёт.

10. МАК аттестациянын жыйынтыгы боюнча кеңири эсеп-кысап (4,6-тиркемелер) даярдайт.

- **МАлык комиссиянын катчысы:**

1. МАга 1 жума калганда, деканаттар менен биргеликте, студенттердин окуу планын аткаргандыгы тууралуу жалпы жетишүү справкасын даярдайт ;
2. 2 жуманын аралыгында МАКтын отурумунун графигин ОИДке тапшырат;
3. МАКтын мүчөлөрүнө алардын иштөө графиги тууралуу кабар берет жана ар биринин МАКка үзгүлтүксүз катышуусун камсыздайт;
4. МАКтын иштөөсү үчүн аудиторияларды бөлдүрүү тууралуу ОИД менен макулдашат;
5. МАКка 3 күн калганда, МАКтын отурумунун протоколдорунун журналын алат;
6. Тестирлөө күнү (тестирлөөгө 10 мүнөт калганда), ОИДден, даяр тесттик тапшырмаларды печатталган боюнча аудиторияга алып келет. МАКтын протоколдорунун журналына бланкалар тууралуу маалыматтарды (студенттин саны, группа, дата ж.б) киргизет;
7. МАКтын отурумунун протоколдорун, студенттердин зачеттук китепчелерин жана башка нормативдик документтерди толтурат.

**МАга катышуучу студенттерге коюлуучу талаптар:**

1. «Кыргызстан тарыхынан» БТгө 1-4- семестрде (2- курстар, бакалаврлар жана адистер), 1-7- семестрде (бүтүрүү курсундагы бакалаврлар) жана 1-12- семестрде (6- курстагы адистиктер үчүн) өтүлүүчү предметтерден жана келишимдик акыдан карызы жок студенттер катыша алышат;
2. БТгө катышууга уруксат алган студент, сынакка 10 мүнөт эрте келип, атайын белгиленген жерге бардык окуу материалдарын (китептер, сумка ж.б) калтырат да, тестирлөөгө керек болгон гана буюмдарын (документтер, ручка) алып кирет;
3. Тесттик тапшырмалары бар барактар таратылгандан кийин, аудиторияга киргизүү токтотулат;
4. БТөө учурунда уюлдук телефондорду өчүрүп коюусу керек;
5. Өзүнүн туура жоопту белгилөөчү барагында көрсөтүлгөн жерлерге сынакты тапшыруунун датасын жана кол тамгасын коюп, матрицага туура жоопторду белгилейт. Тестирлөөнүн узактыгы 40 мүнөт;
6. БТнүн аягында даяр болгон тесттик жумуштарын комиссияга тапшырат;
7. Тестирлөө учурунда шпаргалка колдонууга, бирөө менен сүйлөшүүгө, уюлдук телефонду колдонууга жана аудиторияда басып жүрүүгө тыюу салынат;
8. Жобонун эрежелерин бузган студент сынактан чыгарылат жана студенттин тестирлөөдөн алган баллы комиссиянын протоколунун негизинде, комиссиянын төрагасы тарабынан жокко чыгарылат;

9. Тестирлөөнүн жыйынтыгы, тестирлөө процедурасы аяктагандан кийинки 3-6 саат ичинде (сынактын графигинин негизинде) факультеттердин, институттардын жана кафедранын маалымат стендине илинет;

10. БТдөн алган баасына макул эмес студенттер, сынакты тапшырган күнү өзүнүн тестирлөө ишинин Web- апелляциясына катышып, баалоонун объективдүүлүгүнө күбө боло алат. БТнүн Web- апелляциясы атайын көрсөтүлгөн аудиторияда, апелляциялык комиссиянын катышуусусуз өткөрүлөт;

11. Web- апелляциянын жыйынтыгы менен макул эмес студенттер МАКтын төрагасына, БТдөн бир күндөн кийин апелляциялык комиссияны уюштуруп берүүгө арыз жүзүндө кайрыла алышат;

12. Жыйынтык бааны эсептөөдө, апелляциялык комиссиянын жыйынтыгы эске алынат;

13. “Канааттандырарлык эмес” баа алган студенттер Мамлекеттик аттестациянын токтомунун негизинде студенттердин катарынан чыгарылат. Мамлекеттик сынакты кайра тапшыруу МАнын жалпы эрежелерине ылайык жүргүзүлөт.

14. Студент жүйөлүү себеп менен (алдын ала документалдуу тастыкталган ден-соолугуна же үй-бүлөлүк шартына байланыштуу) МАга катышпай калса, студенттердин катарынан чыгарбай туруп МАны тапшырууга мүмкүнчүлүк берилет.

**Баалоо системасы**

Жыйынтык баалоо 100 баллдык система менен жүргүзүлөт жана зачеттук китепчеге, аттестациялык ведомостко төмөнкү шкаланын негизинде коюлат:

| **№** | **Туура жооптордун саны** | **Балл** | **баасы** |
|---|---|---|---|
| 1 | 1-5 | 5-25 | «канааттандырарлык эмес» |
| 2 | 6-10 | 30-50 | «канааттандырарлык» |
| 3 | 11-15 | 55-75 | «жакшы» |
| 4 | 16-20 | 80-100 | «эң жакшы» |

***Т И Р К Е М Е Л Е Р***

*1-тиркеме*

**Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын жыйынынын**

**№ ____- ПРОТОКОЛУ**

Күндүзгү (сырттан) окуу

«____» ________________2013-ж. Башталышы: саат_________ Бүтүшү: саат___________

Катышты:
Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын төрагасы:_________ ___________________________
Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын мүчөлөрү:___________________________________
1.________________________________________________________________________
2.________________________________________________________________________
3.________________________________________________________________________
4.________________________________________________________________________
5.________________________________________________________________________
__________________________________ дисциплинасы боюнча мамлекеттик аттестация
Сынакты тапшырган студент_______________________ ____________________________________
Билеттин № __________________________________________________________________
Суроолор:
1.________________________________________________________________
2.________________________________________________________________________
3.________________________________________________________________________
Кошумча суроолор:
_____________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________

Берилген суроого алынган студенттин жообуна жалпы мүнөздөмө:
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________

Мамлекеттик аттестацияны студент төмөндөгү баага тапшырды:
________________________________________________________________________________
___________________________________________________________________________

Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын өзгөчө пикири:
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________

Төрага: ____________________________________________________________

Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын мүчөлөрү: ________________________
________________________
________________________

*2-тиркеме*

# Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын жыйынынын
# № ____- ПРОТОКОЛУ

«______» ___________________2013-ж.   саат______мүн._______саат______мүн. чейин

Катышкандар:
Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын төрагасы:__________________________________________
Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын мүчөлөрү: _________________________________________
1.___________________________________________________________________________________
2.___________________________________________________________________________________
3.___________________________________________________________________________________
4.___________________________________________________________________________________
5.___________________________________________________________________________________
(дипломдук иштин ар бир корголушуна өзүнчө бет бөлүнөт)
Дипломдук иш (долбоор): ______________________________________________________________
_________________________________________________жетекчилиги менен аткарылган.
Консультант: ________________________________________________________________________
Мамлекеттик аттестациялык комиссияга төмөндөгү материалдар берилген:

1. _______ бет көлөмдөгү дипломдук иш;
2. _______ баракта дипломдук ишке таблицалар, чиймелер, слайддар ж.б.
3. Жетекчинин ишти коргоого сунуштоо боюнча көз карашы;
4. Ишке рецензия (сын-пикир):

Дипломдук иш жөнүндөгү _______ мүнөт студенттин билдирүүсүнөн кийин ага төмөндөгү суроолор берилди:

1. ______________________________________________________________________________
______________________________________________________________________________
(суроо бергендин аты-жөнү)
2. ______________________________________________________________________________
______________________________________________________________________________
(суроо бергендин аты-өнү)

ж.б. _______________________________________________________________________________
Сын-пикирге жана берилген суроого студенттин жообуна жалпы мүнөздөмө:
____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________
Жалпы илимий, жалпы кесиптик, атайын дисциплиналар боюнча даярдыгынын деңгээли:
____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________

1. Студент ___________________________________________________дипломдук ишти
__________________________________баага коргоду деп эсептелсин.
2. Төмөндөгүлөр белгиленсин:
____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________
3. Комиссиянын мүчөлөрүнүн өзгөчө пикири: ___________________________________________
____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________________

Төрага: _____________________________________________________________________________
(колу)
Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын мүчөлөрү:
____________________________________________________________________________________
(колдору)
Токтомду түзгөн жактын колу:
____________________________________________________________________________________

*3-тиркеме*

**Мамлекеттик сынактык комиссиясынын кеңешмесинин**

**№ ____- ПРОТОКОЛУ**

**«______» ___________________________ ____2013-ж.**

Мамлекеттик сынактардан өткөн бүтүрүүчүлөргө квалификация ыйгаруу жөнүндө:
Катышты:
Төрага: ______________________________
Мүчөлөрү: ___________________________
___________________________
___________________________
___________________________

1. Студент ______________________________________________________________________________
(аты, жөнү)
мамлекеттик сынактарды төмөнкүдөй бааларга тапшырды:

| № | Дисциплинанын аталышы | Баасы | Тапшырган к\н\ |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

Студент ______________________________________________________________________________
(аты, жөнү)
«_____________________________________________________________________________»
адистиги боюнча окуу планында каралган бардык мамлекеттик сынактарды тапшырды деп эсеп-телсин:

Студент______________________________________________________________________________
(аты, жөнү)
«_____________________________________________________________________________»
(квалификация)
квалификациясы ыйгарылсын:
Мамлекеттик сынактык комиссиянын мүчөлөрүнүн пикири:
_____________________________________________________________________________
_____________________________________________________________________________
_____________________________________________________________________________
_____________________________________________________________________________

2. Студент ______________________________________________________________________________
(аты, жөнү)
мамлекеттик сынактарды төмөнкүдөй бааларга тапшырды:

| № | Дисциплинанын аталышы | Баасы | Тапшырган к\н\ |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

Студент ________________________________________________________________

(аты, жөнү)

«______________________________________________________________»

адистиги боюнча окуу планында каралган бардык мамлекеттик сынактарды тапшырды деп эсептелсин:

Студент________________________________________________________________

(аты, жөнү)

«______________________________________________________________»

(квалификация)

квалификациясы ыйгарылсын:

Мамлекеттик сынактык комиссиянын мүчөлөрүнүн пикири:

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

3. Студент ________________________________________________________________

(аты, жөнү)

мамлекеттик сынактарды төмөнкүдөй бааларга тапшырды:

| № | Дисциплинанын аталышы | Баасы | Тапшырган к\н\ |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

Студент ________________________________________________________________

(аты, жөнү)

«______________________________________________________________»

адистиги боюнча окуу планында каралган бардык мамлекеттик сынактарды тапшырды деп эсептелсин:

Студент________________________________________________________________

(аты, жөнү)

«______________________________________________________________»

(квалификация)

квалификациясы ыйгарылсын:

Мамлекеттик сынактык комиссиянын мүчөлөрүнүн пикири:

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

*4-тиркеме*

**2-курстун студенттеринин Кыргызстан тарыхы боюнча мамлекеттик аттестациясынын жыйынтыгы**
**2012-13-окуу жылы**

| № | Факультет, адистик | МАга кир-гизил-гендер | Кайра тапш. кел-гендер | Тапшыр-гандар | тапшырды | | | | | | Абс. жет. | Сап. жет. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 5 | 5,4 | 5,4,3 | 4 | 3 | 2 | | |
| | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | |

**Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик аттестациясынын жыйынтыгы**
**2012-13-окуу жылы**

| № | Факультет, адистик | МАга кир-гизил-гендер | Кайра тапш. келгендер | Тапшыр-гандар | Дипломдук иш корго-гондор | Артыкч. диплом алгандар | тапшырды | | | | | | Абс. жет. | Сап. жет. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | 5 | 5,4 | 5,4,3 | 4 | 3 | 2 | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |

*5А-тиркеме*
Форма 31_mm

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
Ош мамлекеттик университети
Математика жана информациялык технологиялар факультети

**№2073-10-6731-1 АТТЕСТАЦИЯЛЫК ВЕДОМОСТУ**
Тайпа ПА-1-07 6-курс, 2012-13-окуу жылы
**Кыргызстан тарыхы**

Күнү «____» ______________2013-ж.
МАК төрагасы (төрайымы) ________________________________________________
МАК мүчөлөрү:___________________________________________________
МАК катчысы: ___________________________________________________

| к № | Студенттин аты-жөнү | Зачеттук китепченин номери | Техникалык даярдап иштөөнүн натыйжасы | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Алган баллы | Баасы (жазуу менен) |
| 1 | | | | |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |
| 4 | | | | |
| 5 | | | | |
| 6 | | | | |
| 7 | | | | |
| 8 | | | | |
| 9 | | | | |
| 10 | | | | |
| 11 | | | | |
| 12 | | | | |
| 13 | | | | |
| 14 | | | | |
| 15 | | | | |
| 16 | | | | |
| 17 | | | | |
| 18 | | | | |
| 19 | | | | |
| 20 | | | | |
| 21 | | | | |
| 22 | | | | |
| 23 | | | | |
| 24 | | | | |
| 25 | | | | |

№___ протокол, 2013-ж. «___» _________

МАК төрагасы (төрайымы) _____________
колу
МАК мүчөлөрү ____________________

колдору

МАК катчысы _______________________
колу

*5Б-тиркеме*
Форма 31_mm

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
Ош мамлекеттик университети
Орус филологиясы факультети

**№2073-10-6731-1 АТТЕСТАЦИЯЛЫК ВЕДОМОСТУ**
Тайпа ФР-1-08 5-курс, 2012-13-окуу жылы
**Азыркы орус тили**

Күнү «____» _____________2013-ж.
МАК төрагасы (төрайымы) ____________________________________________
МАК мүчөлөрү:____________________________________________________
МАК катчысы: _____________________________________________________

| к № | Студенттин аты-жөнү | Зачеттук китепченин номери | Экзамендик билеттин номери | Баасы (жазуу менен) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |
| 4 | | | | |
| 5 | | | | |
| 6 | | | | |
| 7 | | | | |
| 8 | | | | |
| 9 | | | | |
| 10 | | | | |
| 11 | | | | |
| 12 | | | | |
| 13 | | | | |
| 14 | | | | |
| 15 | | | | |
| 16 | | | | |
| 17 | | | | |
| 18 | | | | |
| 19 | | | | |
| 20 | | | | |
| 21 | | | | |
| 22 | | | | |
| 23 | | | | |
| 24 | | | | |
| 25 | | | | |

№___ протокол, 2013-ж. «___» _________

МАК төрагасы (төрайымы) _____________

колу МАК мүчөлөрү ____________________

_____________________________

колдору

МАК катчысы ______________________
колу

*5В-тиркеме*
Форма 31_mm

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
Ош мамлекеттик университети
Бизнес жана менеджмент факультети

**№2073-10-6731-1 АТТЕСТАЦИЯЛЫК ВЕДОМОСТУ**
Тайпа ФК-4-08 5-курс, 2012-13-окуу жылы
**Адистик боюнча дипломдук иш**

Күнү «____» ______________2013-ж.
МАК төрагасы (төрайымы) ________________________________________________
МАК мүчөлөрү:________________________________________________________
МАК катчысы: ________________________________________________________

| к № | Студенттин аты-жөнү | Зачеттук китепченин номери | Протоколдун номери | Баасы (жазуу менен) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |
| 4 | | | | |
| 5 | | | | |
| 6 | | | | |
| 7 | | | | |
| 8 | | | | |
| 9 | | | | |
| 10 | | | | |
| 11 | | | | |
| 12 | | | | |
| 13 | | | | |
| 14 | | | | |
| 15 | | | | |
| 16 | | | | |
| 17 | | | | |
| 18 | | | | |
| 19 | | | | |
| 20 | | | | |
| 21 | | | | |
| 22 | | | | |
| 23 | | | | |
| 24 | | | | |
| 25 | | | | |

МАК төрагасы (төрайымы) _____________
колу
МАК мүчөлөрү ____________________
________________________________
колдору
МАК катчысы _______________________
колу

*6-тиркеме*

# Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын эсеп-кысабы жана анализи

___________________________________________________________________________

(факультеттин аталышы)

адистиги (багыты) ________________________________________

аттестациянын мөөнөтү ____________________________________

бүтүрүүчүлөрдүн саны _____________________________________

**Эсеп-кысаптын негизги мазмуну:**

1. **Мамлекеттик аттестацияны уюштурууга жана өткөрүүгө болгон даярдыкка анализ:**
   - адистиктер боюнча окуу пландарынын аткарылышы. Аткарылбай калышынын обьективдүү себептери;
   - лекциялык, практикалык, лабораториялык сабактардын окутулушунун сапаты;
   - кафедралардагы профессордук-окутуучулук курамдын сапаттык көрсөткүчү жана аларга бөлүнгөн жүктөмдөргө анализ;
   - адистиктер боюнча өткөрүлгөн (окуу планынын негизинде) өндүрүштүк, педагогикалык ж.б. практикалардын натыйжалары.
2. **Деканаттын, кафедралардын 2012-2013-окуу жылындагы мамлекеттик аттестацияга болгон даярдыгы**:
   - аттестацияга, дипломдук долбоорлор жана дипломдук иштерди коргоого уруксат берилген студенттердин тизмеси, саны, ректордун ички буйругунун көчүрмөсүнүн номери, датасы;
   - мамлекеттик аттестацияга тиешелүү иш кагаздарынын толтурулушунун сапаты (протоколдор, студенттердин зачеттук китепчелеринин талапка ылайык келиши, жетишүү журналдарынын, №14-форманын толтурулушу ж.б.);
   - сынак үчүн обзордук лекциялардын, консультациялардын графиктеринин ректорат тарабынан бекитилиши жана алардын аткарылышынын сапаты.
3. **Дипломдук долбоорлорду, иштерди аткарган жана мамлекеттик аттестацияга кирген студенттердин адистиктер боюнча саны жана алардын натыйжалары**:

| Катар № | Тайпалар (адистик-тер б-ча) | Студ. саны | Алган баалары | | | | Жалпы жетишүү | Сапаттык жетишүү | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2 | 3 | 4 | 5 | | | |
| Дипломдук долбоорлор (иштер) боюнча | I | II | | | | | IV | V | |
| 1. | | | | | | | | | |
| 2. | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |
| Жалпы жыйынтыгы | | | | | | | | | |

- **бүтүрүүчүлөр үчүн түзүлгөн МАнын билеттеринин сапаты, алардын адистик боюнча дисциплиналардын программаларына ылайык келиши;**
- **студенттердин билимине жалпы баа (анализ):**

**Мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы**

| Катар № | Факультет, адистик | МАга киргизилгендер | Анын ичинде экинчи жолу | Бардык предметтер боюнча толук тапшыргандар | Дипломдук иш жаз-гандардын саны | Артыкчылык диплом менен бүтүргөндөрдүн саны | Предметтер боюнча тапшыргандар | | | | | | Абсолюттук жетишүү | Сапаттык жетишүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | 5 | 5,4 | 5,4,3 | 4 | 3 | 2 | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| Жлпы жыйынтыгы | | | | | | | | | | | | | | |

4. **Текст түрүндөгү эсеп-кысапка жогорку окуу жайынын бүтүрүүчүлөрүнүн билиминин мамлекеттик стандартка жооп бериши жана жалпы, атайын кесиптик даярдыктарынын деңгээли, окуу планында каралган практикалардын аткарылышы көрсөтүлүп, кетирилген кемчиликтер аталышы зарыл.**

5. **Корутундуда Ош МУда аттестациялардан өткөрүлгөн адистиктер боюнча кесиптик программалардын аталган окуу жайынын перспективалык багыттары көрсөтүлөт.**

**Эскертүү: Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын тъҏагасынын жана ректордун эсеп-кысап менен таанышкандыгы жөнүндө колу коюлууга тийиш.**